| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ОШ ОБЛУСУ<br>ӨЗГӨН РАЙОНУ<br>КУРШАБ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>УЗГЕНСКИЙ РАЙОН<br>КУРШАБСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

Куршаб айылдык кеңешинин (VIII чакырылышынын ) IV отурумунун

ТОКТОМУ

2025-жылдын 20-март **№ 15** Куршаб айылы

**«Куршаб өнүгүү» муниципалдык ишканасынын “Тазалык” бөлүмүнүн 2025-жылга карата штаттык бирдигин, эмгек акынын өлчөмүн, жумушчулардын тамагы үчүн акча каражатын жана таштанды чыгаруунун тарифин бекитүү жөнүндө**

Куршаб айылдык кенешинин IV кезексиз сессиясынын отуруму «Куршаб өнүгүү» муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Эгемкуловдун “Тазалык” бөлүмүнүн 2025-жылга карата киреше, чыгаша сметасын, штаттык бирдигин, эмгек акысынын өлчөмүн, жумушчулардын тамагы үчүн акча каражатын, таштанды чыгаруунун тарифин бекитүү бекитип берүү тууралу маалыматын угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. «Куршаб өнүгүү» муниципалдык ишканасынын “Тазалык” бөлүмүнүн 2025-жылга карата киреше, чыгаша сметасын №1 тиркемеге, штаттык бирдиги, эмгек акы төлөө өлчөмүн жана 5 жүктөөчүнүн ар биринин иш күнү үчүн тамак-ашына 200 сом өлчөмүндө №2 тиркемеге, Куршаб айыл аймагы боюнча таштандыны чыгаруу тарифи №3 тиркемеге ылайык бекитилип берилсин.

2. «Куршаб өнүгүү» муниципалдык ишканасынын жетекчисине жумушчулардын эмгек акысынын бекитилген максималдуу өлчөмүнөн жогору эмес суммада жумушчунун жүктөө иштеринин көлөмүнө жараша (нагрузкасына) эмгек акысын белгилөөгө жана зарыл болгон учурда жалданма жумушчуларды жалдап иштетүүгө жана башка ишканалар ортосунда келишимдик кызмат көрсөтүлсө, кызмат көрсөтүү акча каражаты “Куршаб өнүгүү” муниципалдык ишканасынын бюджетинде каржыланып сарпталышына макулдук берилсин.

3. Кабыл алынган токтомду мыйзам чегинде аткаруу жагы «Куршаб өнүгүү» муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Эгемкуловго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин бюджет, финансы, экономикалык маселелер жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага Н.Атчабаров